КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРЫНЫН
П Р О К У Р А Т У Р А С Ы

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
П Р О К У Р А Т У Р А
ГОРОДА ОШ

714000, Ош шаары, Моминова көч 6,
телефон: +996 (3222) 7 09 92 факс: (3222) 7-13-64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, э/э №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

714000,город Ош, ул.Моминова 6
телефон: (3222) 7 09 92 факс: (3222) 7-13-64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, э/э №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

«28» 04 2024-ж/г.

чыг.№ 8-10-24

Ош аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы

**К.Т.Бердибековага**

**М А А Л Ы М А Т**
*02-041-2024-001212 сандуу материал боюнча*

27.04.2024-жылы Ош шаардык ИИБнын ЭММКАКнын ага ыкчам өкүлү М.Рахманов билдирүү менен кайрылып, анда №7 Ош бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттыгына шайлоого катышуу үчүн катталган талапкерлер шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай баалуулуктарды тапшыруу жолу менен талапкердин жубайы, жакындары каражаттарды берүү же болбосо таратуу, материалдык кандайдыр-бир кызматты же башка баалуулуктарды алууга көмөктөшүп, шайлоочулардын добуштарын сатып алуу аракеттери жасала тургандыгы мүмкүн экендигин билдирген.

Аталган билдирүү, 27.04.2024-жылы Ош шаардык ИИБнын ТКнын МЭЖне 02-041-2024-001212 саны менен катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүү иштеринин жүрүшүндө, Ош шаарынын тургуну А.Шерматова суралып, өзүнүн көрсөтмөсүндө 26.04.2024-жылы А.Абидова И.Эргешовго агитатор болуп иштөөнү сунуштап, айлыгы 10 000 сом болорун айткандыктан макул болуп, бирок анын каттоосу Кара-Суу району Кызыл-Кыштак айыл аймагына катталгандыктан шайлай албагандыктан, келини Бахтихондун атынан агитатор болуп иштөөнү чечип, келининин М-Банк реквизитин бергендигин, келинине 20 000 сом акча түшкөндүгүн анын 10 000 сомун А.Абидовага которгондугун, себеби ал да агитатор болуп иштегендиги үчүн айлыгын бергендигин билдирген.

Ошондой эле, Б.Азимова суралып анда, 2024-жылдын 17-апрелинде кайнежеси А.Шерматова Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине депутатыгына шайлоо өтүп жаткандыгын айтып, бирок анын каттоосу айылда болгондугуна байланыштуу анын атынан Ильичбек Эргашевге агитатор болуп иштөөсүн айткандыгын, ага макул болуп, М-Банк картасын бергендигин, 26.04.2024-жылы анын М-Банк картасына 20 000 сом түшкөндүгүн ал акчаны А.Шерматовага которуп койгондугун билдирген.

Ал эми, иш боюнча М.Шерматова суралып анда, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоо болуп жаткандыгын А.Абидова айткандыгын И.Эргешовго агитатор болуп иштөөнү сунуштап айлыгы 10 000 сом экендигин айтканда макул болгондугун, бирок анын каттосу Кара-Суу районунун Кызыл-Кышатк айылында болгондуктан

баласы Т.Махамаджановдун атынан агитатор болгондугун, ал боюнча келишм түзүлгөндүгүн баласынын 0554 80 82 33 номерине айлыгын которушкандыгын билдирген.

Иш боюнча А.Абидова суралып анда, Ош шаардык Кенешинин депутаты Медербек шайлоодо координатор болуп иштеп бересизби деп сурангандыгын ага макул болуп И.Эргешов менен келишим түзүп №5301 шайлоо участкасында Курбанов атындагы мектепте координатор болгондугун, кошуналары Айимхан, Жамила, Мухабат аттуу аялдар И.Эргешовго агитатор болуп иштеп жатышкандыгын, алардын ортосунда келишим түзүлүп салык кызматынан патент ачышып мыйзамдуу иштеп жатышкандыгын билдирген.

Ал эми, Т.Мамаджанов иш боюнча суралып анда, Шерматова Мухабатхон Абдурахмановна анын апасы экендигин, 17.04.2024-жылы сенин пропискан Ош шаарында болгону үчүн сенин атындан агитатор болуп иштеп келемин деп айткандыгын, апасынын каттоосу Араван районунда болгондугун, апасына паспортунун көчүрмөсү менен М-Банк картасын бергендигин, себеби агитатор болуп иштегени үчүн айлык түшөөрүн билдирген.

Мындан сырткары, иш боюнча Р.Апиев суралып анда, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыгына өтүүчү шайлоодо №14 тизмедеги Ильичбек Эргешовтун ыйгарым укуктуу өкүлү болгондугун, шайлоо боюнча иш аракеттерди алып барарын, агитаторлор мыйзамда көрсөтүлгөн функциялаарын аткарарын, алардын негизги кызматы маалыматтарды шайлоочуларга жеткирип талапкер тууралуу анын программасын шайлоочуларга жеткирүү экендигин, алар менен келишимдер түзүлгөндүгүн, айлык акысы талапкердин шайлоо фондунан өздөрүнүн эсебине которуларын, тийишүү түрдө патент алынып иштеп жатышкандыгын билдирген.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен 28.04.2024-жылы Ош шаардык ИИБнын ТКы тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-бөл. 2-п. негизинде кылмыш иш козгоодон баш тартылып, токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясына жиберилген.

Аталган чечим Ош шаарынын прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп чыгып, тергөөчүнүн кабыл алган чечими мыйзамдуу жана негиздүү болгондуктан 28.04.2024-жылы тактама түзүлгөн.

Ош шаарынын прокурорун
орун басары

**З.Тойчубаев**